КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНИН К. ДИКАМБАЕВ АТЫНДАГЫ ДИПЛОМАТИЯЛЫК АКАДЕМИЯСЫ
Б. ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-ОРУС СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ

**Диссертациялык кеңеш Д 07.22. 659**

**Кол жазма укугунда**
*УДК:* 32:324:342.82

**БАРЫШ ФЕРХАТ**

# ШАЙЛОО КОМПАНИЯЛАРЫНЫН ЗАМАНБАП САЯСИЙ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ: (САЛЫШТЫРМА АНАЛИЗ)

**23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар**

**Саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферaты**

**БИШКЕК – 2024**

Иш Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян Университетинин саясат таануу кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Жоробеков Жолборс Жоробекович** – саясий илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын СИж-аЭБ башкы илимий кызматкери.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Мамлекетти демократиялык укуктук багытта куруу, граждандык коомдун саясий аң-сезимин калыптандыруу жана саясий маданиятын жогорку деңгээлде өнүктүрүү зарылдыгы акыркы замандын талабына ылайык күнүгө өсүүдө. Саясат, бийлик, саясий система терминдери азыркы коомдук турмуштун ажырагыс бөлүгү болуп калды. Ошол себептен, саясат таануу илиминин учурда теория-практикалык мааниси жогорулоодо. Диссертациялык изилдөө Турция, Кыргызстан, Россия жана айрым Европа өлкөлөрүнүн саясий өнүгүүсүндөгү, демократиялык принциптердин сакталышындагы заманбап саясий технологияларга салыштырма анализ жасалды. Дүйнөдөгү демократиялык саясий партиялардын парламенттик демократияга умтулуу жолундагы шайлоо системасынын жаралуу жана калыптануу процессиндеги XX кылымдын 20-жылдарынан тартып бүгүнкү күнгө чейинки саясий технологияларды колдонуу тарыхы каралса, Кыргыз Республикасынын СССР тарагандан кийинки жаңы калыптануу жолундагы саясий партиялардын жаралуусу жана өнүгүүсү менен бирге саясий технологиялардын колдонулушу менен каралып, 1990 – жж бүгүнкү күнгө чейинки абалды камтыйт. Мындай актуалдуулук бул маселенин Кыргызстандын чыгыш таануу изилдөөлөрүндө үстөмдөк кылып турган идеологиялык доктриналардын жана субъектизмдин алдында каралбагандыгы менен негизделген.  Ушул себептен буга чейинки мамлекеттин тарыхындагы диктатура үстөмдүк кылып турганына карабастан, Туркиянын саясий партияларынын жаралуу тарыхын жана мамлекеттин көп партиялуу түзүлүшүнө өтүү жолун толук турдө көрсөтүп берүү болсо,экинчиден Кыргызстандын саясий партиялары менен болгон окшоштук анализи жүргүзүлөт.

«Саясат» түшүнүгү илгертеден эле белгилүү болгонуна карабастан, 16–18-кылымдарда гана илим катары башында Батыш Европада калыптанып, кийинчерээк Америка Кошмо Штаттарына тараган. Ал эми Кыргызстанда өз алдынча илим катары 20-кылымдын 90-жылдарында гана калыптанып, жогорку окуу жайларда окуу программасы катары киргизилген. Бул иштин жыйынтыгында ар бир жарандын саясатка болгон мамилесинин, көз карашынын өзгөрүүсү жана алган маалыматы келечекте бекем мамлекетти түзүүгө көмөктөш боло алат деп ишенебиз.

Заманбап мамлекетти демократиялаштыруу процессинин тарыхы өлкөдө саясий бийлик тууралуу маселелер, саясий биримдиктер ортосундагы мамилелер, бардык шайлоо компаниялардын үзгүлтүксүз катарда өтүшү менен тыгыз байланышта болуп аныкталмакчу. Айтып кетчү нерсе, ар бир  катардагы жаран ар кандай деңгээлде болсо да шайлоо процессине катышып, өз добушун берет. Мамлекетте бийликти орнотуу шарттарында ал бул добуш берүүчү жарандын кызыкчылыктарынан көз каранды болуп калат. Ошол себептен, саясый күчтөрдүн ар бир добушту өзүнө тартуу технологиялары жана ыкмалары өзгөчө мааниге ээ. Көз карандысыз мамлекет болгондон бери Кыргыз Республикасында шайлоо компаниялардын технологияларынын базасын

түзүүдөн баштап, аны шайлоолорду өткөрүү менен практикалык жактан толуктап, катачылыктарды эске алып өркүндөтүү баскычтарына өттү. Ар бир өткөн шайлоо анын алдындагы компанияларда колдонулуучу саясий технологияларды толуктап, өзгөртүп, жаңылатууга түрткү болот. Ошондуктан, бүгүнкү күндөгү Кыргыз Республикасындагы бардык баскычтарда шайлоо алдындагы саясий технологиялардын эволюциясы, алардын үгүттөө учурда жана шайлоо компаниясынын жүрүшүндө ири пайдалануусу шайлоо алдындагы мезгилде колдонгон ыкмаларды жана методикаларды теориялык жактан түшүнүү зарылдыгына алып келет. Бул ишти жазууда көптөгөн илимий материалдардын колдонулуусунун бирден бир илимий жана практикалык мааниси болуп, Түркия менен Кыргызстандын улуттук көз карандысыздыкка болгон күрөшү, өнүгүү процесси тездетүү аракети чоң себептердин бири болду.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар менен болгон байланышы**. Изилдөө ишинин темасы К.Карасаев атындагы БМУнун саясат илимдер кафедрасынынын илимий издөө тематиканын алкагында жүргүзүлгөн демилгелүү эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн обьектиси** – шайлоо компанияларынын заманбап саясий технологиялары.

**Изилдөөнүн предмети –** чет өлкөлөрдөгү жана Кыргызстандагы шайлоо компанияларынын заманбап саясий технологияларын салыштырып анализдөө болуп эсептелет.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** - шайлоо алдындагы компаниялардын саясий технологияларын изилдөө, аны ишке ашыруудагы көйгөйлөрдү аныктоо жана аларды чечүү боюнча сунуштарды берүү болуп саналат. Изилдөөнүн максатына ылайык **төмөндөгүдөй милдеттер** коюулган:

1. шайлоо системасы, шайлоо алдындагы компаниялардын саясий технологиялары, алардын түзүлүшү жана түрлөрү жөнүндө түшүнүк берүү;
2. шайлоо алдындагы компаниялардын саясий технологияларынын концептуалдык жана теориялык негиздерин карап чыгуу;
3. шайлоо алдындагы компаниялардын саясий технологияларынын чет өлкөлүк тажрыйбаларын талдоо;
4. Постсоветтик өлкөлөрдүн шайлоо системасындагы өзгөчөлүктөргө анализ берүү;
5. шайлоо алдындагы компаниялардын заманбап технологияларын колдонуудагы Кыргызстандын улуттук тажрыйбасындагы өзгөчөлүктөрдү аныктоо;
6. заманбап шайлоо технологиялардын негизинде шайлоо компанияларын Кыргыз Республикасында уюшутуруу мүмкүнчүлүктөрүнө анализ жасоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы катары төмөнкүлөрдү белгилесек болот:

1. Айрым чет өлкөлөрдөгү шайлоо компанияларды уюштуруунун заманбап саясий технологияларына салыштырмалуу анализ кылууда теориялык негиз түзгөн эмгектер менен документтер илимий айлампага алынды.

2. Алыскы чет өлкөлөрдөгү шайлоо алдындагы компанияларды уштурунун заманбап саясий технологияларына салыштырмалуу анализ кылынып андагы артыкчылыктар менен айырмачылыктар белгиленди.

3. КМШ өлкөлөрдүн коомдук транформацияланyy мезгилиндеги шайлоо системаларына киргизилген саясий технологияларга салыштырма анализ жасалып, андагы окшоштуктар менен айырмачылыктарга анализ кылынды.

4. Кыргызстандагы шайлоо системасында заманбап технологияларды колдонуудагы тажрыйба менен өзгөчөлүктөргө мыйзамдык, укуктук документтердин негизине анализ жүргүзүлдү.

5. КРдагы шайлоо компанияларда кетирген мүчүлүштүктөрү менен кемчиликтерди жоюуда укуктук-мыйзамдык чекте, адамдардын шайлоо укутарын сактоо менен шайлоо компанияларын заманбап саясий технологиялардын негизинде, уюштуруп өткөрүүнү жакшыртуу жолдору каралды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Өзүнүн таанып билүүчү баалуулугу менен, маалыматтуулугу менен мамлекеттин саясий жана укук коргоо тарыхы саясаттын калыптануу жолун кабыл алууга алып баруучу таасирдүү курал. Бул изилдөө иши бир гана Кыргызстан менен Түркия мамлекеттеринин саясий укуктарын түшүнүүгө эмес, анын келечектеги өнүгүү жолун көрө билүүгө жардам берет. Изилдөө ишинин жыйынтыктары саясат таануу илиминде шайлоо системаларынын технологияларын изилдөө иштерине салым кошот.

**Коргоого алып чыга турган диссертациянын негизги жоболору:**

1. Мамлекеттердин шайлоо алдындагы компаниялардын саясий технологияларын изилдөөнүн теориялык жана методологиялык ыкмалары системалаштырылып калаган. Дүйнөлүк практикада жана КМШ өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргызстанда саясий күчтөрдүн добуштарын өзүнө тартуу технологиялары менен ыкмалары өзгөчө мааниге ээ. Саясий партиялар менен талапкерлер электоратка таасир эте турган саясий технологияларды пайдаланууга аракет кылышса, мамлекет ачык жана айкын шайлоо өткөрүүнү көздөйт.

2. Демократиялык коомдук өнүгүүнүн бирден-бир жетишкендиги болуп жалпы элдин добушун билдирүүдө жана анын жыйынтыктарын чыгарууда заманбап саясий технологияларды киргизүү менен шайлоо компаниясын өткөрүүдө. Шайлоо компаниясынын жүрүшү ар бир мамлекеттин ички саясий түзүлүшүнө, мыйзамдык укук-ченемдерине жараша ишке ашырылат.

3. Изилдөө ишинде белгиленгендей, АКШ, Түркия, Европа мамлекеттеринде, постсоветтик өлкөлөрдө шайлоо компанияларын өткөрүү укуктук-мыйзам чегиндер менен камсыздалган. АКШ, Түркия, Европа өлкөлөрүнө салыштырганда постсоветтик өлкөлөрдө, анын ичинде Кыргыз Республикасында шайлоо системасына байланышкан мыйзамдар эр аралык уюмдардын, жарандык коомдун сунуштарынын негизинде тез-тез оңдолуп, түзөтүүлөрү байкалат. Айрыкча КМШ өлкөлөрүндө.

4. Саясий-коммуникативдик технологиялардын маңызын кыйла толук иликтөөнү камсыз кылуу үчүн аларды коомдук аң-сезимге таасир этүү

методдору жагынан айырмаланган саясий маркетингдик жана маркетингдик эмес коммуникациялар менен биргеликте изилдеп-үйрөнүүгө негизделген мамилени колдонуу талапка ылайык келет. Шайлоо процессинин жана саясий технологиялардын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин өркүндөтүү боюнча сунуштамалар эске алынышы керек.

5. Кыргызстанда шайлоо компанияларын өткөрүү тажырыйбасында эгемендүүлүктү алгандан кийинки жылдарда заманбап саясий шайлоо технологияларын колдоонууда бир катар тажрыйба топтоого жетишкен. Бул республикадагы шайлоо системасын быр кыйла жакшыртууга, модернизациялоого мүмкүнчүлүк түзгөн.

6. Заманбап саясий технологияларды колдонуу тажрыйбасы ишке ашырылса дагы Кыргыз Республикасынын шайлоо системасында бир кыйла мүчүлүштүктөр кездешет. Аларга жарандардын добуш берүү укуктук нормаларынын бузулушу, шайлоо тизмеси, эфирдик убакыт, басма аянттарынын туура бөлүнүшүндөгү көсөмөлдүк, добуштарды сатуу жана сатып алуу, мамлекеттик кызмат органдарынын шайлоого кийлигишүүсү, талапкерлердин саясий туруксуздугу (партияларды алмаштыруусу), шайлоо участокторун заманбап техникалар менен толук, жетиштүү камсыздоо жана шайлоо компанияларына түздөн-түз таасир тийгизе турган мыйзамдык-укуктук нормалардагы мүчүлүштүктөр ж.б. кирет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары жана жоболору изденүүчүнүн эл аралык, республикалык коференцияларда жасаган баяндамаларында жана чет элдик, Ата Мекендик илимий басылмаларда чагылдырылган.

**Диссертациянын жыйынтыктарын апробациялоо**. Диссертациялык иштин жыйынтыктары, жоболору жана натыйжалары бир катар Эл аралык жана республикалык: «Кыргызстан жана Турция – саясий мамиле» (Ж.Баласагын атындагы КУУ) аталган, «Орто Азия жана Европа мамлекеттеринин саясий мамилелери» («Манас» КТУ) деген, К.Карасаевдин 110-жылдыгына арналган (К.Карасаев атындагы БГУ) илимий-практикалык конференцияларда апробацияланган.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациялык изилдөө ишинин негизги жоболору, натыйжалары жана жыйынтыктары илимий журналдарга чыккан 10 макалада чагылдырылган. Анын ичинен 5 макала РИНЦ системасына кирген илимий басылмалага жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертация кириш сөздөн, үч баптан, алты параграфтан, корутунду, колдонулган адабияттар жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин көлөмү 168 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүү** бөлүмүндө теманын актуалдуулугу, диссертациялык иштин максаты жана милдеттери, изилдөөнүн жыйынтыктарынын илимий жаңылыгы жана коргоого алып чыга турган диссертациянын негизги жоболору, изилдөөнүн

практикалык мааниси, изденүүчүнүн жеке салымы, диссертациянын жыйынтыктарынын апробациясы, иштин түзүлүшү жана көлөмү камтылган.

Биринчи бап, **«Шайлоо алдындагы компанияларынын саясий технологияларын изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери»** деп аталып үч бөлүктөн турат. Анда шайлоо системасынын багыттары жана түрлөрү, ал жөнүндө түшүнүк , анын структурасы, Шайлоо алдындагы компаниялардын саясий технологияларын изилдөөнүн заманбап усулдары жана принциптери каралган. Аларды түшүнүүдөгү негизги теориялык мамилелер жана концепциялар ачып берилген.

Саясатта партиялар илгери эле Байыркы Грецияда пайда болгон. Байыркы чыгыш ойчулу Аристотель өз эмгектеринде Афинадагы билимдүүлөр партиясы менен элдик партиялардын ортосундагы күрөш, түздүктө жашаган эл менен тоодо жашаган элдердин партияларыын ортосундагы күрөштөр жөнүндө жазып кеткен. Ал азыркыдай партия эмес эле. Алар политикалык уюмдар же топтор болчу. Мындай көрүнүштөр орто кылымдарда кеңири тараган.

Политикалык партия заманбап түшүнүктө биринчи жолу 19 – кылымда пайда болгон. Анын келип чыгышы монархияны жок кылып, бийлик үчүн күрөшкөн буржуаздык көтөрүлүштөр менен тыгыз байланышта. Мындай нерсенин жаралуусуна жалпы шайлоо укугунун киргизилүүсү, мамлекеттик бийликти уюштуруу максатында парламентаризмдин жана парламенттин пайда болуусу, социалдык коомдо дифференциянын пайда болуусу, алардын ичинен биринчи болуп жумушчулар классынын жана буржуазиянын келип чыгуусу, класстардын ортосундагы күрөшүү жана либералдык идеялардын таралышы себеп болду. Партиялардын калыптануу генезисинде М. Вебер үч этапты белгилеп кетет: аристократтык топ, политикалык клуб, массалык партия. Ушул классикалык жолду англиянын либералдык жана консервативдик партиялары басып өткөн.

Юридикалык адабиятта шайлоо системасы эки жол менен түшүндүрүлөт: кең жана тар. Шайлоо системасынын кең түшүндүрмөсү бул – мамлекеттик бийликтин жергиликтүү өзүн өзү башкаруу бийлиги менен бирдикте жараандардын тандоо укугун ишке ашыруу максатында алып барган коомдук мамилесинин жыйынтыгы. Шайлоо системасынын бул түрү өзүнө жараандардын шайлоого катышуу укуктарын жана принциптерин, аларды милдеттендирүү тартиптерин, шайлоону даярдоо жана өткөрүү, шайлоо процессинин субъекттеринин кругун, добуш берүүнүн жыйынтыгын орундатуу эрежелерин жана шайлоонун жыйынтыгын аныктоону камтыйт. Шайлоо системасынын кең түрү негизинен шайлоону даярдоо иши менен алек болуучу жана шайлоо процессин башталды деп официалдуу түрдө жарыяланган күндөн тартып, ал аяктаганга чейин аларга бөлүнүп берилген бюджеттин чыгашасын жыйынтыктап берүүчү шайлоо компаниясы менен теңелет.

Шайлоо системасынын тар түшүнүгү эреже катары добуш берүү жыйынтыгын орундатуу жана шайлоодогу жеңүүчүнү аныктоо методу менен байланышат жана анын жардамы менен шайлоонун акырында чыгарылуучу тандоо компаниясынын жыйынтыгын аныктоочу юридикалык формула катары

эсептелинет. Ушуну менен бирге дагы бир канча нормалардын жана тартиптердин жыйынтыгы бар:

- шайлоо округдарынын түзүлүүсү;
- кандидаттардын тизмесин тактоо;
- шайлоодогу политикалык партиялардын ролун аныктоо;
- шайлоо бюлетенинин формасын тастыктоо;
- шайлоонун жыйынтыгын жана жеңүүчүнү аныктоо, ага кошумча политикалык партиялардын ортосунда депутаттык мандатты бөлүштүрүү;
- эгерде талап кылынса шайлоонун кайталануу экинчи турун өткөзүү;

Шайлоо системасы өзүнүн түзүлүшүнө, ойногон ролуна жана толукталуучу элементтерине карата бир канча түргө бөлүнөт.

Ал эми шайлоо системасынын тигил же бул түрүн тандоо политика сферасында чоң роль ойноп, анын келечектеги ийгиликтерине жана өнүгүүсүнө таасир этет. Ошентип мыйзам чыгаруу закону колдонууга мумкун болгон шайлоо системасюиаынын үч турун караштырат: мажоритарлык, пропорционалдык жана аралаш (мажоритарлык-пропорционалдык).

Шайлоо процесси бир канча кадамдан түзүлөт жана өткөрүлөт. Кыргыз Республикасынын жарандары ата-тегине, жынысына, расасына, улутуна, кызматтык жана мүлктүк абалына, кайсы динди тутканына, саясый жана диний ишенимине карабастан шайлоого, шайланууга укуктуу.

**«Чет өлкөлөрдөгү шайлоо алдындагы компанияларды уюштуруунун заманбап саясий технологияларынын тажрыйбасы»** деп аталган экинчи бап эки бөлүктөн турат. Анда, алыскы чет өлкөлөрдө шайлоо компанияларды уюштуруунун саясий технологиялары жана Жакынкы чет өлкөлөрдө шайлоо компанияларынын заманбап саясий технологиялары изилденип, талдалды.

90–жылдардын биринчи жарымында Кыргызстан өзгөрүүлөр эмгекчил калктын кызыкчылыктарына мүмкүн болушунча оордугун тийгизбеген радикалдуу социалдык реформалардын жүрүшүн көзөмөлгө алууга умтулганпартияга муктаж болуп турду.

1993–жылдын 25–сентябрындагы I уюштуруу съездинде түзүлгөн СДПК партиясы мына ушул ролго аракет кыла баштады. Кыргызстан социал – демократиялык партиясы Кыргызстандагы эң чоң партиялардын бири. Ал 1993 – жылдын 1 – октябрында негизделип, 1994 – жылдын 16 – декабрында мамлекеттик тизмектен өткөн. Партияны Абдыгани Эркебаев, 2011 – жылы президенттике шайланган Алмазбек Атамбаев жетектеген. Бул партиянын тизмесинде Роза Отунбаева дагы бар.

Республика - Ата Журт Кыргызстандагы официалдуу түрдө тизмеден өткөн саясый партия. Бул партия 2014 - жылдын 20 – октябрында «Республика» жана «Ата – Журт» партияларынын биригүүсүнөн пайда болгон. Партиянын негизги идеологиясы чиновниктик аппарттын тазалыгы жана өлкөдөгү демократияны жогорулатуу учун багытталган реформа аркылуу либерализмди өнүктүрүү.

Ата – Мекен социалисттик партиясы - Кыргызстандагы социал – демократиялык партия болуп саналат. Акыркы жылдары партия өзүнүн

идеологиясын бир канча деңгээлде өзгөртүп, азыр салыштырмалуу түрдө либералдык жана батышталган партия болуп саналат. Өлкөдөгү эң күчтүү жана чоң партиялардын катарына кирет.

«Ар – Намыс» партиясынын бар экендиги жөнүндөгү биринчи отчет 1999 –жылдын 9 – июлунда берилген. 2001 – жылдын 3 – ноябрында Кыргызстанда өткөрүлгөн биринчи курултайда Кыргызстандын Элдик Конгресси түзүлүп, ага төрт партия «Ар – Намыс», «Ата – Мекен», «Эркиндик» жана элдик партия кирген. Ал эми «Ар – Намыс» партиясынын жетекчиси Феликс Кулов конгресстин председатели болуп шайланган. Кечирээк 2002 – жылы конгресске СДПК политикалык партиясы кошулган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде парламенттик шайлоо 2015 – жылдын 4 – октябрында өткөн. Парламенттеги 120 орунга болгон шайлоо пропорционалдуу системада өткөн, бирок бир партияга 65 тен ашык орун алууга болбойт эле. Жергиликтуу ЦИК тин чечими менен шайлоого добуш берүүчүлөрдүн 42% катышты. Шайлоо эч эреже бузулбастан тынч абалда өттү. Шайлоого бардыгы болуп 14 политикалык партия катышты. Алардын ичинен жергиликтуу ЦИКтин эсеби боюнча алты политикалык партия алдыга чыкты. Бул тизмекте СДПК 26,8% добуш алып биринчи орунда турду. Анын аркасында «Республика – Ата Журт» (22,12%), «Кыргызстан» (12,42%), «Өнүгүү – Прогресс» (9,1%), «Бир – Бол» (8,1%) жана «Ата – Мекен» (7,7%).

Ал эми өтпөй калган партиялар «Партиясыздардын Аалам Партиясы», «Ар – Намыс», «Бүтүн Кыргызстан Эмгек», «Замандаш», «Кыргызстан Элдердин Конгресси», «Мекен Ынтымагы», «Азаттык» демократиялык партиясы, жана «Улуу Кыргызстан».

Адилеттүүлүктүн жана Өнүгүүнүн Партиясы (Adelet veKalkinma Partisi) АКР Турция мамлекетинин бийлигинде турат жана өзүн укук борборлоштуруу консервативдик позицияда кармап, Евросоюзга кирүү жана базар экономикасы сыяктуу батыш кызыкчылыктарына басым жасайт. Партияны Турциянын Примьер – министри Бинали Йылдырым жетектеп турат.

Элдик – Республикалык Партия (Cumhuriyet Halk Partisi) CHP – Турция Республикасындагы эң эски партиялардын бири. Ал левоцентристтик жана кемалисттик позицияда турат. 2002 –жылдагы шайлоодо кайрадан Адилеттүүлүктүн жана Өнүгүүнүн Партиясынан кийинки эле эң күчтүү партияга айланат. 2010 – жылдын 22 майында өткөрүлгөн жалпы улуттук конгрессте Кемаль Кылычдороглу партиянын лидери болуп белгиленет. 2011 – жылдын 12 – июнунда өткөрүлгөн шайлоодо партия 11 131 371 (21,91%) добуш жыйнап, парламенттин 550 орунунун 135ине ээ болот

Улттук Кыймыл Партиясы (Milliyetci Hareket Partisi) MHP Турция Республикасындагы ультра укуктуу политикалык партия болуп саналат. Бул партия 1969 – жылы Республикалык крестяндык улуттук партиянын негизинде Алпарслан Тюркеш тарабынан негизделген.

Элдик Демократиялык Партия (Halklarin Demokratik Partisi) HDP – Турциядагы сол партиялардын бири. Ал өлкөдөгү улуттук кичи организацияларды же уюмдарды активдуу түрдө коргоп келет. Алардын ичинен

курдыларды дагы колдогондуктан көпчүлүк учурда аны «курдылык» партия деп СМИ беттеринде жазышат.

Эки бөлүктөн турган үчүнчү бап **«Шайлоо компанияларынын Кыргызстандагы саясий технологиялары»** деп аталат. Анда Шайлоо компанияларында заманбап технологияларды колдонууда Кыргызстандын улуттук тажрыйбасы жана өзгөчөлүктөрү , Заманбап саясий технологиялардын негизинде шайлоо компанияларды уюуштурууну жакшыртуу изилденип, талдалды.

Коомдук саясий уюмдар Эгемендүү мамлекеттин калыптанышына Кыргызстандагы саясий партиялар, коомдук уюмдар оорчундуу салымдарын кошуп келүүдө. Саясий технология – бул саясат ишинин өз максатына жетүү жолдорунун жана приемдорунун жыйынтыгы.

Шайлоочуларды маалымдоо, шайлоо алдындагы үгүт шайлоону маалымат жагынан камсыздоого кирет жана жарандардын эрк–ниетин аң - сезимдүү билдириши менен шайлоонун айкындуулугуна көмөктөшөт. Үгүт жүргүзүүнүн түрлөрү жана усулдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келүүгө тийиш. Төмөнкүлөр шайлоо алдындагы үгүт деп таанылат:

1) тигил же бул талапкер, талапкерлердин тизмеси үчүн добуш берүүгө же болбосо аларга каршы добуш берүүгө үндөөлөр;

2) талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоочулардын топторунун бирине артыкчылык берүүнү билдирүү;

3) талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин шайлоонун же шайлабоонун мүмкүн болуучу кесепеттерин баяндоо;

4) алардын кесипкөйлүк иши же алардын өзүлөрүнүн кызматтык (кызмат ордунун) милдеттери менен байланышпаган талапкерлердин иши жөнүндө маалыматтарды таратуу.

Талапкерлерге, саясий партияларга, шайлоочулардын топторуна жалпыга маалымдоо каражаттарына жетүүнүн тең шарттарына кепилдик берилет.

Шайлоо өткөрүүдө үгүт төмөнкүдөй жүзөгө ашырылышы мүмкүн:

1) жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу;

2) жалпы иш-чараларды (чогулуштар жана жарандар менен жолугушуулар, көпчүлүк алдындагы дебаттар жана пикир алышуулар, митингдер, демонстрациялар, жүрүштөр) өткөрүү жолу менен;

3) басылма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын чыгаруу жана таркатуу жолу менен;

4) мыйзам менен тыюу салынбаган башка түрлөрдө.

Талапкер, саясий партиялар, шайлоочулардын топтору жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу өзүнүн үгүт иштеринин түрүн жана мүнөзүн өз алдынча аныктоого укуктуу.

Талапкерлер, саясий партиялар, шайлоочулардын топтору ушул Мыйзамдын 22-беренесинин 18-бөлүгүнүн колдонулушуна туш келген жана шайлоо өткөрүлүп жаткан аймактарда телекөрсөтүүлөрдү, радио уктурууларды жүзөгө ашыруучу телерадио уюмдарынын каналдарында аларга акысыз берилген обо убактысын пайдаланууга укуктуу. Көрсөтүлгөн обо убактысы теле-

жана радио программалары аудиториянын көпчүлүгүн чогулткан мезгилге - саат 20дан саат 24кө чейинкиге туура келүүгө тийиш. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо үгүт жүргүзүү үчүн мамлекеттик телерадио уюму бөлүп берген акысыз обо убактысынын жалпы көлөмү жумуш күндөрү бир сааттан кем болбоого тийиш. Көрсөтүлгөн акысыз обо убактысы катталган жана берүүгө келген талапкерлердин, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын, шайлоочулардын топторунун ортосунда тең негизде бөлүштүрүлөт.

Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан расмий билдирүүлөрдү жана материалдарды, ченемдик жана башка актыларды жарыялоо үчүн гана уюштурулган басылмаларды албаганда, ушул Мыйзамдын 22-беренесинин 18-бөлүгүнүн колдонушуна туш келген жалпыга маалымдоонун мезгилдүү басылма каражаттары талапкерлердин катталган тизмесин көрсөткөн талапкерлер, саясий партиялар, шайлоочулардын топтору тарабынан берилүүчү материалдар үчүн А 4 форматындагы бир беттен кем болбогон өлчөмдөгү акысыз басылма аянттарды тең шарттарда бөлүп берүүгө тийиш.

Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары талапкерлерге, саясий партияларга, шайлоочулардын топторуна чогулуштарды жана жарандар менен жолугушууларды, көпчүлүк алдындагы дебаттарды жана дискуссияларды, митингдерди, демонстрацияларды жана жүрүштөрдү уюштурууга көмөк көрсөтүүгө, жапырт иш чараларды өткөрүүдө коопсуздукту камсыз кылууга милдеттүү.

Талапкерлер, саясий партиялар, шайлоочулардын топтору Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте басылма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын чыгарууга жана таратууга укуктуу. Үгүт материалдарын Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары даярдоого тыюу салынат. Басылма жана башка үгүт материалдарынын нускалары жана алардын көчүрмөлөрү талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттаган тиешелүү шайлоо комиссиясына берилүүгө тийиш.

Жарандар талапкерликке көрсөтүлгөн учурдан тартып жана каттоо үчүн документтерди сунуш кылганга чейин шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн өздөрүнүн шайлоо фонддорун түзөт. Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар, шайлоочулардын тобу өздөрүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоо үчүн каржы маселелери боюнча саясий партиянын, шайлоочулар тобунун ыйгарым укуктуу өкүлү шайлоо комиссиясы тарабынан катталгандан кийин 5 календардык күндүн ичинде шайлоо фондун түзөт

Шайлоонун натыйжаларын тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы түздөн-түз участкалык шайлоо комиссияларынан келип түшкөн протоколдордун жана ушул Мыйзамдын 37-беренесинин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн протоколдун негизинде добуш берүү күнүнөн 20 календардык күндөн кечиктирбестен аныктайт. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы милдеттүү тартипте жыйынтыктоочу жыйналыш өткөрөт, анда шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндөгү эреже бузуулар жөнүндө келип түшкөн бардык

даттанууларды (арыздарды) карайт, ар бир даттануу (арыз) боюнча чечим кабыл алат.

Аймактык шайлоо комиссиясы шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктарын төмөнкү учурларда жараксыз деп табат:

1) эгерде башка талапкерге караганда добуштардын көпчүлүк санын алган талапкер үчүн шайлоочулардын берген добуштарынын саны бардык талапкерлерге каршы берилген шайлоочулардын добуштарынын санынан аз болсо. Бул учурда шайлоо кайталап жүргүзүлөт;

2) эгерде жергиликтүү кеңешке шайлоо боюнча талапкерлердин тизмесинин бири да мандаттарды бөлүштүрүүгө катышуу үчүн зарыл болгон добуштардын санын албаса;

3) эгерде башка талапкерлердин тизмесине караганда добуштардын көпчүлүк санын алган талапкерлердин тизмесине берген шайлоочулардын добуштарынын саны талапкерлердин бардык тизмесине каршы шайлоочулардын берген добуштарынын санынан аз болсо. Бул учурда шайлоо кайталап жүргүзүлөт.

Аймактык шайлоо комиссиясы добуш берүүнүн жыйынтыктарын шайлоо участкасында төмөндөгүлөр боюнча жараксыз деп табат:

1) эгерде добуш берүүнү жүргүзүү, добуштарды эсептөө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу убагында шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жыйынтыктарын ишенимдүү аныктоого мүмкүндүк бербесе;

2) эгерде добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды эсептөө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө убагында эреже бузуулар шайлоочулардын эрк-ниетин билдирүүсүнө таасир этсе;

3) Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча;

4) соттун чечими боюнча.

Шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп табылган учурда добуш шайлоонун натыйжалары калган шайлоо участокторундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча аныкталат.

Эгерде шайлоо болбой калса, жараксыз деп табылса, добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча талапкер (талапкерлердин тизмеси) шайланбай калса кайталап шайлоо дайындалат. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кайталап шайлоо Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан шайлоолор болбой калган, жараксыз деп табылган күндөн тартып бир айдын ичинде дайындалат жана тиешелүү шайлоо комиссиялары тарабынан өткөрүлөт. Талапкерлерди, талапкерлердин тизмелерин көрсөтүү жана каттоо, башка аракеттер, анын ичинде шайлоо боюнча шайлоо аракеттеринин мөөнөтү ушул Мыйзам жана Борбордук шайлоо комиссиясынын ченемдик укуктук актылары менен каралган тартипте жүзөгө ашырылат. Кайталап шайлоону өткөрүү жөнүндө билдирүү кайталап шайлоону дайындоо жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин 7 календардык күндүн ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланат.

Шайлоо комиссиясынын иши жайылтылган ар бир шайлоо участогу, аймагы боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоо округу боюнча

шайлоонун натыйжалары тиешелүү шайлоо комиссиясынын жана түздөн-түз төмөн турган шайлоо комиссияларынын протоколунда камтылган маалыматтардын көлөмүндө шайлоочуларга, талапкерлерге, талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоочулардын топторунун өкүлдөрүнө, байкоочуларга, эл аралык байкоочуларга, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө таанышуу үчүн алардын талабы боюнча берилет. Ар бир шайлоо участогу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары Борбордук шайлоо комиссиясына келип түшүүсү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына токтоосуз жайгаштырылат. Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылган добуш берүүнүн жыйынтыктарынын маалыматтары юридикалык мааниге ээ болбогон алдын-ала маалыматтар болуп саналат.

Талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин каттаган шайлоо комиссиялары шайлоонун натыйжалары жөнүндө жалпы маалыматтарды шайлоонун натыйжасы аныкталгандан кийин бир сутканын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарына жиберет. Шайлоонун натыйжаларын, ошондой эле ар бир талапкерлер, талапкерлердин тизмеси алган шайлоочулардын добуштарынын, бардык талапкерлерге, талапкердин бардык тизмелерине каршы берилген добуштардын саны жөнүндө маалыматтарды расмий жарыялоо шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат.

## КОРУТУНДУ

Учурда заманбап шайлоо компанияларынын заманбап технологияларын изилдөө боюнча төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарсак болот:

**1.** Заманбап шайлоо технологияларынын башаты антикалык мезгилде эле башталган. Кылымдардын тогошуусу, ааламдашуу процессинин жүрүшү менен шайлоо компанияларында улам жаңы саясий технологиялар иштелип чыккан жана ал процесс бүгүнкү күндө да улануууда. Алсак, Байыркы Герцияда шайлоо ачык жана жашыруун добуш берүү менен жүргүзүлүп, «бюллетендин» милдетин аткарган буурчактын түрү (ак, кара) электрондук бюллетень менен алмаштырылып, заманбап технологиялардын колдонулушу мыйзамдаштырылган. Саясий технологияларды фундаменталдуу илимий изилдөөлөр жана анын маңызы тууралуу көз караштар саясий окуулардын жана жалпы эле илимдин өнүгүшүнө жараша өзгөрүп турган.

**2.** Глобалдашуу процесстеринин экинчи бир маанилүү тарабы – жаңы башкаруу деңгээлдеринин түзүлүшү. Көз карандысыз мамлекеттердин саясий турмушуна активдүү кийлигишкен улуттуулуктан жогорку институттар түзүлөт («Чоң сегиздиктин» саммиттери, Евробиримдиктин түрдүү структураларынын, эл аралык каржы уюмдарынын сунуштамалары). Бул – расмий деңгээлге тиешелүү көрүнүштөр, алар менен катар бейөкмөттүк аз ара аракеттердин ролу да чексиз өстү. Алсак, Грузиядагы, Украинадагы «түстүү революциялар» идеологиялык, уюштуруучулук жана каржылык жактан коммерциялык эмес уюмдар аркылуу колдоого алынганы белгилүү. Мындай алганда, алар Батышка

керектүү саясий режимдерди түзүүгө багытталган жаңы саясий технологиялардын өткөргүчтөрү болуп калышты.

Мындай шарттарда өз көз карандысыздыгын сактап калууга умтулган мамлекеттердин алдында дилемма (бөлүнүү) келип чыкты – мындай таасирлерден «бекинип» алуу, анда интеграция зарылдыгына белгилүү бир карама-каршылыктар жаралат, же бул түрдөгү экспансияга каршы туруунун ийкемдүү каражаттарын иштеп чыгуу. Көз карандысыз аймакты административдик-бюрократтык көзөмөлдөөнүн мурунку ыкмалары өзүнүн кудуретсиздигин көрсөткөндүктөн, саясий башкаруунун алкагында жаңы инструментарийди иштеп чыгуу зарылдыкка айланды.

**3.** Шайлоо системасында мааниси олуттуу түрдө жогорулоого тийиш болгон биринчи кезектеги институттардын катарына жарандык коом кирет. Бул жерде көйгөй жарандык коомго мамлекеттен кайсы функциялар өтүшү керек деген маселеге такалат. Дүйнөлүк коомчулуктун абсолюттук көпчүлүк мамлекеттери тарабынан колдоого алынган адам укуктарынын универсалдуулугу тууралуу белгилүү идея мамлекеттин көз карандысыздыгын таануу, баарыдан мурда, ал ушул укуктар менен канчалык өлчөмдө легитимдешкен дегенге алып барат. Саясий режим мамлекеттик бийликти легитимдөөнүн салттуу формаларына негизделген, алар акыры келип өлкөнүн глобалдык чакырыктар менен коркунучтардын алдында алсыз болуп калышына алып келет.

Жарандар менен түздөн-түз пикир алышууга багытталган саясий технологиялар жарандарга мамлекеттин ишине иштиктүү жана конструктивдүү катышууга түрткү бергени менен да маанилүү. Массалык активдүүлүктүн толкунунда мындай компаниялар бийликтин натыйжалуу органдарын түзүүгө өбөлгө болуп, саясий элитанын зарыл болгон ротациясын камсыздайт жана аны менен социумдун туруктуулугун бекемдөөгө өз салымын кошот. Шайлоочулар менен түздөн-түз пикир алышуу саясий технологиялары саясий катышуу субъекттеринин саясий ишмердүүлүккө тартылуусунун кыйла жогорку даражасын камсыздап, каршылык билдирүү көрүнүштөрүнүн мүмкүнчүлүгүн азайтуучу электоралдык активдүүлүк моделин калыптандырат.

**4.** 1990-жылдан баштап Кыргызстан өзүнүн жаңы тарыхый өнүгүү жолуна түшкөндөн баштап, шайлоо демократиялык саясий ситеманын ажырагыс бөлүгү катары өлкөдөгү саясий процесстердин негизги бөлүгүнө айланган. Өзүнүн көз карандысыздыгына жетишүү менен жаңы укуктук демократиялык мамлекетти түзүүсү мурунку административдик-башкаруу системасынын ордуна жаңы коомдук-саясий мамилелердин орношуна өбөлгө түзгөн. 30 жыл аралыгында Кыргыз Республикасынын шайлоо системасында бир кыйла реформалар жүргүзүлүп, анда заманбап саясий технологияларды киргизүү менен, шайлоо компанияларынын жүрүшүндө ишке ашышына шарттар түзүлгөн.

Белгиленген жылдар аралыгында президенттик шайлоо сегиз жолу (12-октябрь 1991-ж., 24-декабрь 1995-ж., 29-октябрь 2000-ж., 10-июль 2005-ж., 23-июль 2009-ж., 27-июнь 2010-ж., 30-октябрь 2011-ж., 15-октябрь 2017- ж.), 1938-жылдан башталган Ата-Мекендик парламентаризмдин тарыхынын акыркы 30

жылында бир кыйла заманбап саясий технологиялардын негизиндеги Жогорку Кеңешке (1995, 1998, 2005,2007, 2010, 2015-жж.) шайлоолор өткөрүлгөн. Шайлоо компанияларында кездешкен заманбап саясий технологиялар Кыргыз Республикасында дүйнөлүк масштабдагы тажрыйбалардын, о.э. өлкөдө мурун болуп өткөн шайлоо процесстериндеги тажрыйбалардын оң жана терс жактарын эске алуу редакцияланып келинген шайлоо боюнча мыйзамдардын негизинде колдонуп, ишке ашырылууда.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

**1.** Шайлоо системасындагы саясий технологиялар боюнча Кыргызстанда мамлекеттик тилде түшүндүрмө сөздүкдөрдү түзүү менен жогорку окуу жайларда, ишмердүүлүктөрү шайлоо система менен байланышта болгон мамлекеттик атайын кызматтарда мезгил-мезгили менен окуу курстарын, тренигдерди өткөрүү сунуш кылынат.

**2.** Чет мамлекеттердеги шайлоо системасы, андагы саясий технологияларды талдап билүүдө мамлекеттик тилде – кыргыз тилинде китептерди, ошондой эле макаларады жарыкка чыгаруу. Демократиялык максаттарга жетүүгө багытталган иштиктүү коомдук саясат натыйжалуу саясий технологияларды колдонгон шартта гана шайлоодо жеңишке жетиши мүмкүн. Ошондуктан кыргыз элине маалымат жеткиликтүү болуш үчүн кыргыз тилинде китептерди, ошондой эле макаларады жарыкка чыгаруу.

**3.** Кыргызстандагы шайлоо системасын жакшыртууда алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөгү шайлоо системасындагы саясий заманбап технологияларды киргизүүдө түздөн-түз кайталоо же туралоо жолу менен эмес, мамлекеттин мыйзамы, саясий элитанын профессионалдык өсүү деңгээли эске алынышы сунушталат.

**4.** Кыргызстандын саясий партиялары тууралуу так жана иштелип чыккан маалымат интернет барактарында жокко эсе. Саясатка арналган макалаларды чыгаруу керек. Жарандар менен түздөн-түз пикир алышууга багытталган саясий технологиялар жарандарга мамлекеттин ишине иштиктүү жана конструктивдүү катышууга түрткү бергени менен да маанилүү. Массалык активдүлүктүн толкунунда мындай компаниялар бийликтин натыйжалуу органдарын түзүүгө өбөлгө болуп, саясий элитанын зарыл болгон ротациясын камсыздайт жана аны менен социумдун туруктуулугун бекемдөөгө өз салымын кошот.

**5.** Саясий элитанын, шайлоого талапкерлердин саясий партияларга мүчө болуу туруктуулугун бекемдеш үчүн мыйзам иштелип чыгышы зарыл. Эгер мындай мыйзам чыгарылбаса Кыргызстанда талапкерлердин саясий партияларды алмашуусу, партиянын тизмесиндеги орундар үчүн болгон сын-пикирлердеги көйгөйлөр чечилбейт.

**6.** Шайлоо системасын реформалоодо бир аз саясий күчтөр менен айрым мамлекеттик эмес уюумдардын эле сунуш-пикирлери менен катар жалпы элдин суроо-талаптары дагы эске алынышы керек.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыкка чыккан эмгектер.**

1. Барыш, Ф. Модель построения политической партии Турции на примере: партия справедливости и развития ученый XXI века [Текст] / Ф.Барыш // Ученый XXI века. Научный журнал. - 2017 -№ 3-1(28). – С. 69-71.

2. Барыш, Ф. Общая характеристика бархатных революций в политические процессы современности [Текст] / Ф.Барыш // Ученый XXI века научный журнал. - 2017 -№ 3-1(28). – С.72-76.

3. Барыш, Ф. Сравнительный Анализ Политических Партий Турции и Кыргызстана [Текст] / Ф.Барыш // Ученый XXI века. Научный журнал. - 2017 -№ 3-1(28). – С.77-80.

4. Барыш, Ф. Основные понятия и определения политических технологий [Текст] / Ф.Барыш // К.Карасаев ат. БМУ Жарчысы,-2016.-№ 3-4(37-38). – С. 229-232.

5. Барыш, Ф. Парламентсая форма правлеия [Текст] / Ф.Барыш // И. Арабаев ат. КМУнун "Атайын чыгарылышы" журналы. - 2018. – С. 8-12.

6. Барыш, Ф. Постановление Жогорку Кенеша «О назначении выборов Президента Кыргызской Республики» [Текст] / Ф.Барыш // И. Арабаев ат. КМУнун "Атайын чыгарылышы" журналы. - 2018. – С.12-16.

7. Барыш, Ф. The development of political technology in the Turkish electoral system [Текст]/ Ф.Барыш // Европейское научное объединение. – М., 2019. № 9-1(55). – С.92-94.

8. Барыш, Ф. The need for technology in election campaigns [Текст] / Ф.Барыш // Европейское научное объединение. – М., 2019. № 9-1(55). – С.95-97.

9. Барыш, Ф. Анализ Политических Технологий Турции [Текст] / Ф.Барыш // К.Карасаев ат. БМУ Жарчысы, 2018.- № 4-46. – С. 41-43.

10. Барыш, Ф. 2018-Жылдагы Түркиядагы Президенттик Шайлоо жөнүндө [Текст] / Ф.Барыш // К.Карасаев ат. БМУ Жарчысы, 2018.- № 4-46. – С. 48-51.

11. Барыш, Ф. Жакынкы Чет Өлкөлкөлөрдө Шайлоо Компанияларынын Заманбап Саясий Технологиялары [Текст] ]/ Ф.Барыш //Известия Вузов Кыргызстана, 2021.- №2– С.225-227.

12. Барыш, Ф. Шайлоо Технологиясын Шакшыртуудагы Айрым Маселелер [Текст] ]/ Ф.Барыш //Известия Вузов Кыргызстана, 2021.- №2– С.227-231.

**23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына талапкер Барыш Ферхатын «Шайлоо компанияларынын заманбап саясий технологиялары: салыштырма анализ» деген темадагы диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**


**Негизги сөздөр:** саясат, технология, саясий система, шайлоо процесси, саясий партиялар, бийлик, программа

**Изилдөөнүн обьектиси** – шайлоо компанияларынын заманбап саясий технологиялары.

**Изилдөөнүн предмети –** чет өлкөлөрдөгү жана Кыргызстандагы шайлоо компанияларынын заманбап саясий технологияларын салыштырып анализдөө болуп эсептелет.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** - шайлоо алдындагы компаниялардын саясий технологияларын изилдөө, аны ишке ашыруудагы көйгөйлөрдү аныктоо жана аларды чечүү боюнча сунуштарды берүү болуп саналат.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** талдоо жана синтездин диалектикалык биримдиги, системалык талдоо, салыштырмалуу-тарыхый талдоо, моделдештирүүнүн экстрополяция усулу, тарыхый саясий усулдар түзгөн.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы:** изилдөө ишинде айрым чет өлкөлөрдөгү шайлоо компанияларды уюштуруунун заманбап саясий технологияларына салыштырмалуу анализ кылууда теориялык негиз түзгөн эмгектер менен документтер илимий айлампага алынды. Алыскы чет өлкөлөрдөгү шайлоо алдындагы компанияларды уштурунун заманбап саясий технологияларына салыштырмалуу анализ кылынып андагы артыкчылыктар менен айырмачылыктар белгиленди. КМШ өлкөлөрдүн коомдук транформациялануу мезгилиндеги шайлоо системаларына киргизилген саясий технологияларга салыштырма анализ жасалып, андагы окшоштуктар менен айырмачылыктарга анализ кылынды. Кыргызстандагы шайлоо системасында заманбап технологияларды колдонуудагы тажрыйба менен өзгөчөлүктөргө мыйзамдык, укуктук документтердин негизине анализ жүргүзүлдү. КРдагы шайлоо компанияларда кетирген мүчүлүштүктөрү менен кемчиликтерди жоюуда укуктук-мыйзамдык чекте, адамдардын шайлоо укутарын сактоо менен шайлоо компанияларын заманбап саясий технологиялардын негизинде, уюштуруп өткөрүүнү жакшыртуу жолдору каралды.

**Колдонуу боюнча сунуштамалар.** Изилдөөнүн жыйынтыктары саясат таануу илиминдеги изилдөөлөрдө, окуу куралдарында жана шайлоо компаниясын жакшыруу максатындагы иштерде колдонууга сунушталат.

**Колдонуу чөйрөсү.** Диссертациянын натыйжалары саясат таануу жана коомдук илимдердин кеңири чөйрөсүндө колдонулса болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Ферхат Барыша на тему: «Современные политические технологии избирательных кампаний: сравнительный анализ» на соискание ученой степени кандидата политических наук по специальности 23.00.02 – политические институты, процессы и технологии**

**Ключевые слова:** политика, технологии, политическая система, процесс выборов, выборы, политические партии, власть, программа

**Цель исследования:** Современные политические технологии избирательных кампаний**,** выявить проблемы в их реализации, а также дать рекомендации по их решению.

**Объект исследования:** шайлоо компанияларынын заманбап саясий технологиялары.

**Предмет исследования:** чет өлкөлөрдөгү жана Кыргызстандагы шайлоо компанияларынын заманбап саясий технологияларын салыштырып анализдөө болуп эсептелет.

**Методологическая основа исследования:** политическая структура государства исследована преимущественно с точки зрения парадигмы структурного функционализма, что способствовало детальному анализу и раскрытию внутренних механизмов изучаемого процесса. А также, использованы методы диалектического единства анализа и синтеза, системный анализ, сравнительно - исторический анализ, метод экстраполяции в моделировании, методы исторической политологии.

**Полученные результаты и их новизна:** В диссертации рассмотрены все аспекты общественной жизни, в том числе полтическое окружение и реформирования Кыргызской Республики и Турецкого госудорства парламентские демократические политические партии в процессе исследований и концептуального анализа собранных данных являются научной новизной. В связи с этим, написание материалов с изучением многих научных работ было один из самых больших попыток в научно-практическом значении Турции и кыргызстана в Борьбе за независимость и ускорения данного процесса.

**Степень использовании или рекомендации по исследованию:** Материалы работы используются в обучении студентов в преподовании политических дисциплин. Основные результаты и положения диссертационной работы могут быть применены в практической деятельности органов государственного управления в проведении политики.

**Область применения:** Результаты исследования способствуют расширению знаний о структуре политической системы Кыргызстана, обеспечивает дальнейшее углубленное изучение проблем и изменений в области политики в соответствии с условиями нового развития и могут быть использованы для ее регулирования.

# RESUME

**Ferhat Barysh “Modern political technologies of election campaigns (comparative analysis)”**
**a dissertation to fulfill requirements for the scientific degree of the Candidate of political Sciences**
**in Specialty 23.00.02 - political institutions, processes and technologies**

**Keywords**: politics, technology, political system, election process, elections, political parties, power, program.

**Research object**: History, path of formation and politics of political parties in the states of Turkey and Kyrgyzstan.

**Purpose of degree work** is a study of political technologies of election campaigns in Turkia and Kyrgyzstan, identify problems in their implementation, as well as provide recommendations on how to solve them.

**Research methods**: The political structure of the state was investigated primarily from the point of view of the paradigm of structural functionalism, which contributed to a detailed analysis and disclosure of the internal mechanisms of the process under study. And also, the methods of the dialectic unity of analysis and synthesis, system analysis, comparative - historical analysis, the method of extrapolation in modeling, methods of historical political science were used.

**The results obtained and their novelty**: The dissertation examined all aspects of public life, including the political environment and reforming the Kyrgyz Republic and the Turkish state. Parliamentary democratic political parties in the process of research and conceptual analysis of the collected data are scientific novelty. In this regard, the writing of materials with the study of many scientific works was one of the greatest attempts in the scientific and practical significance of Turkey and Kyrgyzstan in the struggle for independence and speeding up this process.

**The degree of use or recommendation of the study**: Materials of work are used in teaching students in the teaching of political disciplines. The main results and provisions of the thesis can be applied in the practice of government bodies in conducting policy.

**Application areas**: The research results contribute to the expansion of knowledge about the structure of the political system of Kyrgyzstan, provides further in-depth study of problems and policy changes in accordance with the conditions of the new development and can be used to regulate it.

**Барыш Ферхат**

**ШАЙЛОО КОМПАНИЯЛАРЫНЫН ЗАМАНБАП САЯСИЙ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ**
**(САЛЫШТЫРМА АНАЛИЗ)**

**23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар**

**саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертациянын авторефераты**